Калиев Азамат Сайитовичтин саясий илимдеринин кандидатына көрсөтүлүп жазылган “Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу” (этно-саясий анализ) аттуу диссертациясына

## ПИКИР

Көз карандысыздыкка жетүү менен көптөгөн мамлекеттерде анын ичинде Кыргызстандын алдында да этностор аралык мамилелерди, улуттук коопсуздукту жөнгө салуу боюнча кечиктирилгис иш чаралардын милдети турду. Кыргызстанда жүз берген 1990 жана 2010 ж.ж. этностор аралык конфликти тез арада жөнгө салуу, мамлекетибиздин көз карандысыздыгы, бүтүндүгү, социалдык-экономикалык, саясий туруктуу өнүгүүсү негизги орунда.

Диссертант, этнос алгачкы калыптанган уруу, топтук түзүлүш экендигин изилдейт. Улут, этностун негизинде калыптанган саясий жацы термин. Этностор аралык мамилелердин теориялык жана методологиялык негиздери, концепциялары, теориялык моделдер, изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттарын караган. Этностор аралык конфликтердин келип чыгуусун эки бөлүккө бөлүп туура көрсөткөн.

Алар биринчиден, Кыргызстандын түштүгүндөгү мамлекет түзүүчү калк кыргыз жана өзбек этностук топторунун карама-каршылыгынын себептерин саясий өңүттөгү илимий анализинин зарылдыгы. Негизи полиэтностор бири-бири менен тилдик, диндик, маданий, каада-салттык, менталитеттик гана айырмачылыгы болбосо, кылымдар бою канаатташ жашап, бирдей жашоо кечирип, бирдей укук, милдеттерге ээ экендиги талашсыз. Ошого карабастан кызыкчылыктары, керектөөлөрү дал келбей, массалык баш аламандыкка, этностук жиктешүүгө, кандуу кагылышка барышууда. Башка өлкөлөрдө кездешкен мындай көйгөйлөрдөн Косово, Карабах, Кавказ, Украина, Таджикистан, Өзбекистан, Ош окуясынан сабак алыштын ордуна, өз башыбыздан кечирип, мамлекеттик саясий мамилени жайгара албай жаткандыгыбыз кечирилгис катачылык. Ошондуктан мындай көрүнүштү илимий чөйрөдө анализдеп, мезгилдин таасын анализин берүүнүн зарылдыгы көрүнүп турат деп автор туура белгилеген.

Экинчиден, кандуу кагылышууга алып келген этностор аралык конфликтин келип чыгуу, уюштуруу-башкаруу, социалдык-психологиялык, инсандык, саясий-экономикалык жана социалдык себептерин, объективдүү факторлорун аныктоонун зарылдыгы. Мындай багыттагы изилдөөлөр азыркы мезгилге чейин эле жүргүзүлүп келгендигин тарыхый фактылар менен тастыктоого болот. Анткени этностор аралык конфликтер узак мезгил

аралыгында бышып жетилет, демек кокусунан эле чыга калуусунун мүмкүн эместигин тарыхый материалдар далилдеп келүүдө. Анын себептери ар түрдүү болуп, ар бир конкреттүү кырдаалга жараша ар түрдүү себептер менен коштолуп, жана анын келип чыгуусунун төмөндөгү факторлорун автор белгилеп көрсөтөт.

Диссертанттын алдында турган негизги маселе этностор аралык конфликтерди жайгаштыруудагы жергиликтүү бийликтин жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролун көрсөтүү болгон. Колубуздагы диссертация өз максатына жетти деген ойду анын структурасын карап чыккан адам сөзсүз ишенет. Анткени биринчи бапта бул маселени теориялык жана методологиялык маселелери кенен ачып көрсөтүлөт. Ал эми экинчи бапта жергиликтүү бийликтин, үчүнчү бапта өкмөттүк эмес уюмдардын ролу ар тараптан терең талдоого алган.

Илимий жетекчиси катарында бул диссертацияны коргоого сунуштаймын. Ал эми диссертант Калиев Азамат Сайитович Саясий илимдеринин кандидаты деген даражага татыктуу деп эсептеймин.

Саясий илимдерини доктору,
Профессор Ж.Ж.Жоробеков.

Подпись верна.
Ученый секретарь И... доцент Абдиева А.И.